DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

*Чолпонбаева С.*

# КАРЖЫ УКУГУНУН НЕГИЗДЕРИ

*Чолпонбаева С.*

# ОСНОВЫ ФИНАНСОВОГО ПРАВА

*S. Cholponbaeva*

# FUNDAMENTALS OF FINANCIAL LAW

*УДК: 342.9/35*

*Бул илимий макалада өлкөдө коомдук-саясий, экономикалык туруктуулукту жакшыртууда, тийиштүү мамлекеттик органдарды күчөтүүдө, банк системасын чыңдоодо жана тышкы карыз көйгөйүн кыскартууда жана өлкөнүн тышкы экономикалык позициясын күчөтүүдө чагылдырылган өнүктүрүү чөйрөсүн жакшыртуу. Ар бир коомдун экономикалык өсүшүнүн зарыл шарты болуп, социалдык-саясий туруктуулук эсептелет. Коомдун өнүгүшүнүн туруктуулугуна ошондой эле этникалык мүнөздөгү факторлор дагы таасир этет. Максаты - мамлекет менен коомдук өз ара мамилелердин өсүп өнүгүүсүндөгү каржы ишмердүүлүгүнүн салымы маанилүү экендиги талашсыз. Предмети - акча каражат фонддорунун топтолушу, колдонулушу жана бөлүштүрүлүшү. Усулу- каржы ишмердүүлүгү мамлекет тарабынан ар кандай усулдар менен жүргүзүлөт. Анын натыйжасында мамлекетке түшкөн акча каражатын көзөмөлдөйт. Натыйжалары - илимий макаланын жыйынтыгында юриспруденция багытында билим алып жаткан студенттерге каржы укугу дисциплинасы боюнча илимий түшүнүктөрдү берүү. Илим жана практика үчүн сунуштар - юридикалык, экономикалык, салык жана салык салуу, кредиттик жөнгө салуу, банк иши жана башка окуу жайларда билим алып жаткан студенттер теорияда жана практикада колдонушат.*

***Негизги сөздөр:*** *каржы, укук, саясий түзүм, социалдык түзүм, экономикалык түзүм, акча-кредиттик түзүм, салык түзүмү, бюджет, банк, реформа, фактор.*

*Данная научная статья посвящена повышению социально-политической и экономической стабильности страны, укреплению соответствующих государственных структур, укреплению банковской системы и снижению проблемы внешнего долга, а также укреплению внешнеэкономических позиций страны. Социально-политическая стабильность – необходимое условие экономического роста любого общества. Факторы этнического характера также влияют на устойчивость общества. Цель - Несомненно, важен вклад финансовой деятельности в развитии общественных отношений с государством. Предмет исследования - накопление, использование и распределение денежных средств. Метод исследования – финансовая деятельность осуществляется государством разными способами. В результате государство получает деньги. Полученные результаты - обеспечить студентов, специализирующихся на юриспруденции, научными концепциями в области финансового права. Рекомендации для науки и практики – студенты, изучающие право, экономику, налогообложение, кредитное регулирование, банковское дело и другие учебные заведения используют в теории и на практике.*

***Ключевые слова:*** *финансы, право, политическая структура, социальная структура, экономическая структура, денежно-кредитная структура, налоговая структура, бюджет, банковское дело, реформа, фактор.*

*This scientific article on improving socio-economic and political stability in the country and strengthening relevant government institutions, strengthening the banking system and reducing the burden of external debt and strengthening the country's foreign economic situation to improve the development environment. Each of the economic, social and political stability of society is a prerequisite for growth. Stability in society as well as ethnic factors are also affected. Purpose-Undoubtedly, the contribution of financial activity to the development of public relations with the state is important. Research subject - Accumulation, use and distribution of funds. Research method - Financial activity is carried out by the state in different ways. As a result, the state receives money. Results obtained - Provide legal students with scientific concepts in the field of financial law. Recommendations for Science and Practice - Students studying law, economics, taxation, credit regulation, banking and other educational institutions use in theory and practice.*

***Key words:*** *finance, law, political structure, social structure, economic structure, monetary structure, tax structure, budget, banking, reform, factor.*

Каржы укугу – укуктун бир тармагы, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын акча фонддорунун (каржы ресурстарынын) түзүлүшүнүн, бөлүштүрүүнүн жана пайдалануунун жүрүшүндө пайда болгон коомдук мамилелерди теске салуучу, алардын милдеттерин ишке ашыруучу зарыл юридикалык ченемдердин жыйындысы [1, 96-б.].

Каржы ишмердүүлүгү улуттук кирешени бөлүштүрүү жана кайра бөлүштүрүү зарылчылыгынан улам келип чыккан нерсе. Ал жарандардын жеке керектөөлөрүн эле эмес, калктын калың катмары менен жалпы коом керектөөлөрүн канааттандырууну көздөйт. Өзүн-өзү актаган коомдук өнүмдөрдүн бир бөлүгү, өндүрүш чыгымдарын жабууга жумшалат. Калган бөлүгү улуттук кирешени түзүп, бир бөлүгү материалдык өндүрүш кызматкерлеринин эмгек акысын төлөөгө, бир бөлүгү өндүрүштү андан ары өркүндөтүү, атайын кошумча жана аманаткорлорун түзүү, өлкөнү коргоо, башкаруу тармагын коргоо, эмгекке жарамсыз адамдарга каралашуу өңдүү керектөөлөр үчүн жумшалууга тийиш [1, 97-б.]. Өзүн-өзү актаган коомдук өнүмдөр менен улуттук кирешени бөлүштүрүү жана кайра бөлүштүрүү акча түрүндө же акчанын жардамы менен жүргүзүлөт. Бул – каржы ишмердүүлүгүнүн биринчи обөъктивдүү шарты болуп саналат.

Товардык өндүрүш менен обьективдүү баа аракети акча, кредит ж.б. экономикалык категориялардын

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



пайда болуу зарылчылыгын шарттады. Ишканалар менен башка уюмдардын, ошондой эле жарандардын дагы, өндүрүү иш аракетинин жүрүшүндө такай кандайдыр бир акча каражатынын топтондусу пайда болот [2, 153-б.]. Каржы ишмердүүлүгүнүн аркасында мына ошол каражаттын бир бөлүгү коомчулук керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн жалпы мамлекеттик фонддун карамагына алынат. Бул – каржы ишмердүүлүгүнүн экинчи объективдүү шарты болуп саналат.

Ошентип, өзүн-өзү актаган коомдук өнүмдөр менен улуттук кирешени бөлүштүрүү, акча мамилелеринин пайда болушу мамлекеттин атайын каржы ишмердүүлүгүнүн, тактап айтканда, мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдардын акча каражаттарын түздөнтүз пландуу чогултуу жана бөлүштүрүү ишмердүүлүгүнүн негизи мына ушундай. Ушуга байланыштуу мамлекеттин алдында каржы тармагы боюнча негизги эки милдет турат [3, 35-б.]. Баарынан мурда, бекитилген бюджетке ылайык, керектүү өлчөмдөгү акча каражатын өз маалында жыйноо жана максатка жараша жумшоо зарылдыгы бар. Бул милдет «бөлүштүрүү» деп аталат. Аны менен экинчи милдет-көзөмөлдөө милдети. Анткени, каржы ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө, акча каражаттарын жыйноодо, аны бөлүштүрүүдө ал каражаттарды мыйзамдуу жана максаттуу жумшоо боюнча каржы көзөмөлдүгүн жасоо зарыл [3, 39-б.].

*Каржы көзөмөлдүгүгүн жасоо усулдары (ыкмалары, жолдору).* Каржы ишмердүүлүгү мамлекет тарабынан ар кандай усулдардын жардамы аркылуу жүргүзүлөт. Анын түрлөрү мамлекеттин кандай субъект менен мамиле жасоосуна, ошондой эле акча каражатын жыйноо жана аны бөлүштүрүүнүн белгилүү бир шарттарына жараша тандалып алынат [4, 10-б.]. Эки тараптуу каржы ишмердүүлүгүнө ылайык, аны жүзөгө ашыруу усулдары да экиге бөлүнөт: акча каражат топтомун жыйноо усулдары, аны бөлүштүрүү жана колдонуу усулдары.

*Акча каражат топтомун жыйноо усулу.* Мамлекеттин мамлекеттик жана мамлекеттик эмес ишканалар, мекемелер, коомдук уюмдар, жарандар менен мамилесинде негизинен салык усулу колдонулат. Анын натыйжасында жогоруда аталган субъектилердин тапкан кирешесинин бир бөлүгү мыйзамда каралган мөөнөттө жана өлчөмдө сөзсүз бюджетке келип түшөт.

«Каржы» – эл аралык аталгы, анын түбү латын тилинен келип чыгып, талашты бүтүрүү, жөнгө салуу (адатта акча талашын) маанисин билдирген. Кийинчерээк ал «финансиа» - сөзсүз акча төлөө, акча төлөмдөрү маанисине өткөн [4, 19-б.].

XVII кылымдан тартып «финансы» эл аралык атагы катары таанылып, мамлекеттин киреше менен чыгымдарына байланышкан бардык мамилелердин системасы катары карап, акча каражатын пландуу бөлүштүрүүнүн негизинде мамлекеттик акча каражаттар күчүнө кирет жана бөлүштүрүлөт. Албетте, каржынын башка да маанилери бар, бирок каржы акча өзү эмес, тек акча каражат фонддорунун топтолушу жана колдонулушу боюнча ар кандай субъектилердин ортосундагы мамиле экендигин эстен чыгарбашыбыз керек. Мүнөзү боюнча бардык эле акча мамилелери каржыга байланыша бербейт.

Акча каражатынын бирдиктүү, формасы менен усулу боюнча өз ара байланыштуу күчүнө киргизүүнүн же бөлүштүрүүнүн жыйындысы «каржы институту» аталат [5, 567-б.]. Ушул маанисинен алганда, мисалы, бюджет тармагындагы же салык тармагындагы бардык мамилелер каржы институту болуп саналат.

Ошол эле учурда, каржы системасынын ар бир байламтасы ички түзүлүшүндөгү өз ара каржылык байланыштарына жараша дагы бөлүнөт. Ошентип, мамлекеттик каржылар өзүнө төмөндөгүлөрдү камтып турат [5, 53-б.].:

а) өлкө бюджети;

б) бюджеттен тышкаркы фонддор (социалдык камсыздандыруу, милдеттүү медициналык камсыздандыруу, социалдык фонддор ж.б.);

в) мамлекеттик кредит.

Иш кана, мекеме, уюмдардын каржы институту бириктирет:

а) коммерциялык багытта иш жүргүзгөн ишкана каржылары;

б) коммерциялык эмес иш жүргүзгөн мекеме жана уюм каржылары;

в) коомдук бирикме каржылары.

Каржы ишмердүүлүгүн жүзөзөгө ашыруу үчүн атайын каржы жана кредит органдарынын системасы түзүлгөн. Анын жардамы менен акча каражат фонддулары бөлүштүрүлөт, чыгымдарга көзөмөл жүргүзүлөт.

Атайын каржы органдарынын системасын Кыргыз Республикасынын Каржы министрлиги жетектеп, өлкөдөгү каржы уюмдарына жалпы жетекчиликти камсыз кылуучу аткаруу бийлик органы болуп саналат.

Каржылык көзөмөлдүккө токтоло кетсем, мамлекетте каржы көзөмөлү мыйзамдуулуктун сакталышын, бардык мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарынын иш аракетинин тууралыгы менен максаттуулугун текшерүүгө багытталган.

Каржы көзөмөлүнүн негизги милдеттерине кыскача токтоло кетсем, мамлекеттик каражатты чыгымдоону текшерүү, мамлекеттик мүмкүнчүлүктөрдү өз маалында жана толугу менен ишке чегерүүгө көзөмөлдүк кылуу, каржы системасынын бардык тармагындагы киреше менен чыгымдардын мыйзамдуу

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



болушун камсыз кылуу, каттоо жана отчеттуулук эрежелерин сактоо кирет.

Каржы көзөмөлү мамлекеттик эле эмес, декларациялардын туура толтурулушун, мамлекеттик тапшырыктардын аткарылышын, мамлекеттик эмес ишканаларга субсидия менен кредиттерди берүү иш-чараларын текшерүү жолу аркылуу мамлекеттик эмес ишкана, мекеме, уюм жана жарандарды да өзүнө камтып турат.

Жогоруда аталган милдеттерди аткаруунун натыйжасында каржы тартиби бекемделип, ал мамлекет тарабынан да, уюмдар тарабынан да акча фонддорун түзүү, бөлүштүрүү, колдонуу боюнча алдын ала белгиленген эрежелерди так сактоодон даана көрүнөт. Каржы тартибин сактоо талабы ишкана, мекеме, уюм, жаран жана мамлекеттик органдарга тиешлүү нерсе.

Ошентип, каржы көзөмөлү мамлекет кызыкчылыгын камсыз кылат жана ишкана, мекеме, уюм, жарандардын укугун коргоого өбөлгө түзөт.

Каржы көзөмөлүнүн көздөөсүнө акча каражаты гана эмес, өлкөнүн ар кандай материалдык, эмгек жана башка ресурстары да кирет. Анткени, аларды колдонуу товардык-акча мамилелери менен шартталып, акча түрүндө жүзөгө ашырылат эмеспи.

**Жыйынтык.** Илимий макаланын жыйынтыгында юрист кесибин аркалап жаткан студенттерге каржы укугу дисциплинасы боюнча илимий түшүнүктөрдү берүү.

Мамлекеттин каржы ишмердүүлүгү бул мамлекеттин тосколдуксуз функцияланышын жана өнүгүүсүн камсыздоочу борборлоштурулган жана борборлоштурулбаган акча каражат фонддорун түзүүдө, бөлүштүрүүдө жана колдонуудагы мамлекеттин ишмердүүлүгү.

Соңку жылдары Кыргызстандын коомдук, саясий жана экономикалык турмушунда өлкөнүн келечегин аныктай турган маанилүү өзгөрүүлөр болуп жатат. Жергебизде көз карандысыз жана кубаттуу, гүлдөп өнүккөн мамлекетти куруу үчүн Кыргызстандын эли эң кымбат кун төлөдү.

Кыргызстан тез өнүгүп бараткан жаңы дүйнөдө өз ордун табууга тийиш. Укуктук мамлекетти түзүү жолунда чечүү зарыл болгон маанилүү милдеттердин бири жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү болуп саналат.

Кыргызстандын экономикасы өз алдынча болууга, ошол эле учурда региондук жана дүйнөлүк экономиканын шайма-шай курамдык бөлүгү болууга тийиш.

**Адабияттар:**


1. Укук энциклопедиялык окуу куралы Ч.Арабаев Б.: Мамл. тил жана энциклапедия борбору - 2004-ж.
2. Финансовое право В.Н. Гирев Практикум. - М., 2002.
3. Абдуразаков Х.К., Нарматов Х.Б. Учебно-методические материалы по курсу «Финансовое право». - Ош: 2010.
4. Артемов Н.М. Финансовое право: Учебник. - М., 1996.
5. Химичева Н.И. Финансовое право: Учебник. - М.: Юристь-2000.
6. Нуркулова Н.М., Чолпонбаева С. Международные стандарты в области прав человека. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2020. №. 4. С. 78-79.
7. Гафуров А.Д. Исторические этапы развития финансового права развивающихся стран. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2013. №. 2. С. 163-167.